Г. И. Адилова

# МЕКЕН ТААНУУ

## БИЗ ЖАНА БИЗДИ КУРЧАП ТУРГАН ЖАРАТЫЛЫШ



УДК 373.167.1
ББК 26.891 Я 721
А 30

Бул методикалык колдонмо Бүткүл дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ишке ашырылып жаткан КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында басылып чыгарылды.

**Рецензенттер:** *Осмонов А. О.,* география илимдеринин кандидаты, профессор; *Абыкова Г. Т.* №5 Улуттук компьютердик гимназиянын башталгыч класстарынын мугалими, эл агартуу отличниги.

**Көркөм кеңештин курамы:** *Э. Исаков (жетекчиси), А. Бектенов, В. Кульчицкий, М. Болотбеков, А. Белкина.*

**Адилова Г. И.**

А–30 Мекен таануу: Биз жана бизди курчап турган жаратылыш: Орто мектептердин 2-кл. үчүн окуу китеби - Б.: «Инсанат», 2011.– 88 б.

ISBN 978-9967-439-28-3

**Шарттуу белгилер:**

 – билип жүр

 – аракеттен, аткар

 – күлүп кой

 – жооп бер, сен да суроо бере бил

А 4306020900-11

УДК 373.167.1
ББК 26.891 Я 721

© Адилова Г. И., 2011.
© «Инсанат», 2011.
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2011.

ISBN 978-9967-439-28-3









*Сүрөттөгү сөздөрдү* ***оку.*** *Бул сөздөр эмне үчүн жазылып турат?* ***Оюңду айт.***

Эмесе окуучум, жашоодо көп нерселерди билүүгө туура келет. Ал үчүн өзүбүз туулуп өскөн жерибизге колундагы **«Мекен таануу»** китеби аркылуу саякатка чыгалы. Саякаттап жүрүп туулуп өскөн жерибиздин жаратылышын, анын пайдасын билели. Аны коргоп, сактоодо сенин да жардамың керек.

Кыргызстанда кыргыз, орус, казак, өзбек, уйгур, татар, түрк, тажик, дунган, корей, немис, украин, дагы көптөгөн ар түрдүү улуттагы элдер ынтымакта жашашат. Баарынын мекени **Кыргызстан** деп аталат.

*«Ынтымакта жашоо» дегенди кандай түшүнөсүң?* ***Айтып бер.***

*Сүрөттөрдү* ***кара.*** *Кайсы жер Кыргызстанда бар? Кантип билдиң? Бул сүрөттөгүлөр эмнеси менен сенин айылыңа же шаарыңа окшош? Өз жериң тууралуу эмнелерди билесиң?* ***Айтып бер.***









Каякка барбайлы, сен көргөн гүлдөр, суулар, тоолор, бак-дарактар, жан-жаныбарлар эч бири жалгыз эмес, жер үстүндө чогуу болгонун байкайсың.

Адамдар да жалгыз өзү эле жашабай, айылдарда, шаарларда чогуу жашашат. Алар Мекендин элин түзүшөт.

Ал Мекендин бири – **КЫРГЫЗСТАН.**



## СЕНИН ДАРЕГИҢ

2-сабак

*Сенин досуң: «Дарегиң кандай?» – деп сураса, эмнелерди айтасың?*

*Төмөнкүдөй кагаз баштыкча эмне үчүн керек?*

*Эгерде сага кат келсе, «Кайда» деген сапка эмне деген сөздөр жазылыш керек? Ал эми «Кимге» деген сапка сенин аты-жөнүң кантип жазылмак?* ***Билгениңди айтып бер.***

Кайда Бишкек шаарына

Кимге Урмат Байкеге

Райымбек
Адам





**Ошентип, өз дарегиңди билдиң. Сенин дарегиң – КЫРГЫЗСТАН.**



Өзүң *кагаз баштыкча* **жаса.** Анын бетине коңшу айылда же шаарда жашаган таанышыңа кат жазгандай кылып **көрсөт.**



Жашаган жериңдеги почтанын индексин ата-энеңден же чоңдордон **сурап билип, жаз.**



3-сабак

## АТА МЕКЕН, АТА ЖУРТ

*Табияттын түркүнү сенин Мекениңде көп.*

*Сен жашаган жерде алар барбы? Сүрөттөгүлөр менен* ***салыштыр****. Дагы эмнелер бар? Аларды атап* ***айтып бер****.*



Ооба, биздин жерлерде көл, дарыя, булак, тоо, жаныбарлар, талаалар да бар. Ысык-Көл деген кооз көлүбүздү бүткүл дүйнө эли билет, ага көп адамдар эс алууга келишет.

*Анда өз жериңдеги көл жана дарыяларды* ***улап айт****.*

Көлдөрүбүз: Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, ...

Дарыяларыбыз: Ак-Буура, Көкөмерен, Нарын, ...

*Жайлоого элдер эмне үчүн чыгышат? Сен кайсы жайлоону билесиң? Жайлоону сен кандай элестетесиң? Жайлоодогу жашоо жөнүндө* ***айтып бер****.*



*Жайлоолордун аттарын үнүңдү* ***катуу чыгарып оку:***

Ак-Сай, Арпа, Сары-Жаз, Суусамыр, Каркыра, Кара-Шоро.

*Эми жериңдеги тоо, токой, талаалардын* ***атын ата****. Аларда эмнелер бар, эмнелер өсөт? Аларды* ***ата****. Аларды эмне үчүн колдонобуз? Кантип колдонобуз?* ***Айтып бер****.*

Ошентип, сен жашаган жер ар түркүн нерселерге бай. Ал жерде сен туулуп өстүң. Ошол жер – **сенин Мекениң.** Мекенди – **Ата журт, Ата мекен** деп да аташат. Ата Мекен ар бирибиз үчүн жана сен үчүн да кымбат. Анткени анда сенин ата-энең, бир туугандарың, мугалимдериң, кошуналарың, айылдаштарың жана досторуң жашашат.

Ата мекениңде сенин укугуң, эркиндигиң корголот. Ошон үчүн «Ата журтум – алтын бешигим» дейбиз.

**Мекенди сүйүү – өз үйүңдү, өз жериңди сактоо жана коргоо. «Мекени жок эл болбойт, мекенди сүйбөгөн эр болбойт».**



Сен жактырган жемиштин сүрөтүн иш дептериңе **тарт** (4-б.).



Ата-энеңдин же чоңдордун жардамы менен анын өңү, даамы, сорту, кайда жана кантип өсөрү жөнүндө **билип, айтып бер.**



4-сабак

## КЫРГЫЗСТАН – ӨЗ АЛДЫНЧА ӨЛКӨ

Өлкөнүн туусу жана герби – анын эркиндигин жана өз алдынчалыгын билдирген белгилери.

*Гербдеги сүрөттөрдүн маанисин* ***чечмелеп бер.***

*Кандай учурда Гимн ырдалат? Кимдер жазганын* ***окуп, атап бер.***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГИМНИ



***Сөзү*** *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
***Музыкасы*** *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү, аска зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоону мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.




*Кайырма:* Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

1. Токчулук
2. Тынчтык
3. Бийиктик
4. Ак пейил
5. Эл-жерди коргоо
6. Мол байлык

**Гимн – биримдиктин салтанаттуу ыры, аны ырдай бил!**



# БИЗДИ КУРЧАП ТУРГАН ДҮЙНӨ – ЖАРАТЫЛЫШ

## ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА БУЮМДАР

5-сабак

Адамдар өзү турган жердеги нерселерди байкап-үйрөнүшөт. Аларга байланыштырып ыр, жомок, макал, табышмак, жаңылмачтарды жаратышат. Адамдарга да аттарды коюшат. Мисалы: Алмагүл, Айбек, Гүлнура, Гүлжигит, Кулпунай.

*Араңарда кимдин аты жаратылышка байланышкан? Аларды* ***ата.*** *Сүрөттөргө байланыштырып адамдардын аттарын* ***тап.***







*Текстти* ***оку.*** *Бирге отурган класссташың сага жаратылыш эмнелерден турарын айтса, ал эми сен ага буюмдар кантип пайда болорун* ***түшүндүр.***

Кийим, тамак, отургуч, оюнчук жана башка жасалган керектүү нерселерди ***буюмдар*** деп аташат.

Андан сырткары күн, ай, суу, тоо-таш, аба, булут, кар, асман жана жаныбарлар, бак-дарактар, өсүмдүктөр, адамдарды да байкайсың. Ошол сен байкагандардын баары – ***жаратылыш*** деп аталат.

Сенин кандай буюмдарың эмнеден жасалган деп ойлойсуң? Аларды кантип сактайсың? **Оюңду айт.** Иш дептериңе буюмдарыңдын аттарын **жаз** (8-б.)

6-сабак

*Сүрөттөгү устанын жасаган иши жөнүндө ирети менен* ***айтып бер.***



Ошентип, жаратылышсыз адамдар жашай албайт. Жаратылыштагы ар түрдүү материалдардан жашоого керектүү буюмдар жасалат. Ал үчүн жаратылыштын ар кандай сырларын билип, окуп, көрүп, үйрөнүшүбүз керек.



Жакшы көргөн буюмуңдун эмнеден кантип жасалганы жөнүндө чоңдордон жардам **сурап билип, айтып бер.**





# ЖАНДУУ ЖАНА ЖАНСЫЗ ЖАРАТЫЛЫШ

7-сабак

*Өсүмдүктөр кыймылдайт деп ойлойсуңбу? Алардын кыймылын кантип билүүгө болот? Сүрөттү* ***пайдаланып, билгениңди айт.***



Өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адамдар **жандуу жаратылыш** деп аталышат. Анткени, алар дем алышат, азыктанышат, өсүшөт, көбөйүшөт. Ал эми тоо, таш, күн, жылдыз, аба, суу **жансыз жаратылыш** деп аталышат.

*Бул сүрөттөр эмне үчүн 2 катарга бөлүнгөн? Ар бир катарды эмне деп атамаксың? Сенин жашооңо булардын кандай пайдасы тиет?* ***Айтып бер.***





Жандуу жана жансыз жаратылышты бөлүп, иш дептерине **жаз** (8-б.). *Ай, ат, тоо, чөп, тоок, таш, топ.*

8-сабак

## ЖАРАТЫЛЫШКА БОЛГОН БИЗДИН МАМИЛЕБИЗ

*Карап көрчү, сен отурган партанын бети кандай абалда? Жакшы же жаман экенин* ***айтып бер.***

Жаратылышты сактаганың, өзүңдү сактаганың.

*Кайсы сүрөт сага эмнеси менен жагат? А жакпаганычы?* ***Салыштыр.***



### БАЛАПАН

*(Болгон окуя)*



Ызатбек чымчыктын балапанын кармап келип, торго салды. Бир күнү бала тордун оозун жапканды унутуп калган экен, балапан умтулуп учуп чыгып баратып, терезеге урунуп алды да, кулап түштү.



Бала аны байкап калып, тез арада кулап түшкөн чымчыкты колуна ала койду. Ал кичинекей балапан абдан кыйналып, дем алып жатыптыр. Ошондон бери Ызатбек балапан алып келип, торго кармап бакканды таштады.

Балапан кыйналганда кандай абалда болду деп ойлойсуң? **Туурап көрсөт.**



9-сабак

## ЖАРАТЫЛЫШТАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖАНА КУБУЛУШТАР

*Бул сүрөттөрдү* ***салыштыр.*** *Бири-бири менен эмнелери окшош? Эмнелери менен айырмаланып турат? Сен кайсы учурду жактырасың? Эмне үчүн сага жагат?* ***Айтып бер.***



Демек, өсүмдүктөрдүн өсүшү, канаттуулардын учуп келиши, суук түшкөндө жылуу жактарга учуп кетиши, суулардын тоңушу сыяктуу жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү **жаратылыш кубулуштары** деп аташат. Алар жылдын мезгили менен байланышат жана жыл сайын кайталанып турат.

### Отту жаккан ким?

– Кээде карды жер жеп коёт экен ээ, ата,– деди Айгүл.
– Жечү беле, жегени кандай? Ал эрип кетет да.
– А жерге отту жаккан ким?

*Т. Кожомбердиев.*

Сенин оюң кандай? **Оюңду айт.**

## Табышмактын жандырмагын тап



1. Кайтып келди
өрдөк, каз,
Кайсы мезгил тапчы?



2. Күнү ысык,
гүлгө бай,
Күлүп турган учур?



3. Айлана бүт
алтын түс
Айтчы, билсең?



4. Кулак, мурун
эткен тыз,
Куу түспөлдүү мезгил?

Таптыңбы? Тапсаң бул өзгөрүүлөрдү **мезгилдик кубулуштар** дешет.

**Бизде ушундай болот дешет...**

Эгерде **чар каргалар** түз эле уясына учуп келишсе, жаз жылуу болот. **Торгой** келсе, күн жылыйт. **Таранчылар** үрпөйүп калышса, күн жаайт. **Жөргөмүш** желесин тегерек кылып жасаса, күн чайыттай ачык болот.

Тексттеги бөлүнгөн сөздөр кандай жаратылышка тиешелүү. Иш дептерине (8-б.) **жаз.**





*Чиймедеги жыл мезгилдерин жана айларды* ***окуп ата.***
*Жыл мезгилинин календары боюнча боштуктагы сөздөрдү* ***тап.*** *Кыргызча аталышы менен* ***салыштырып айт.***

Бир күн келип карасам,
Алма бүрдөп калыптыр.

**ЖАЗ**

| Жалган куран | Чын куран | Бугу |
|---|---|---|
| М _ _ _ | А _ _ _ _ _ | М _ _ |

Дагы келип тиктесем,
Гүлдөр гүлчө жарыптыр.

**ЖАЙ**

| Кулжа | Теке | Баш оона |
|---|---|---|
| _ _ _ Ь | И _ _ _ | А _ _ _ _ _ |

Кийин келип текшерсем,
Толгон мөмө бутакта.

**КҮЗ**

| Аяк оона | Тогуздун айы | Жетинин айы |
|---|---|---|
| С _ _ _ _ _ _ Ь | О _ _ _ _ _ _ | Н _ _ _ _ _ |

Ал мөмөнү биз жыргап,
Жеп жатабыз бул чакта.

*Ж. Мамытов.*

**КЫШ**

| Аяк оона | Тогуздун айы | Жетинин айы |
|---|---|---|
| Д _ _ _ _ _ Ь | Я _ _ _ _ _ | Ф _ _ _ _ _ Ь |

## ЖЫЛ ЖАСАГЫЧ

*(Жомок-табышмак)*



Илгери жыл айларын жасагыч бир карыя болуптур. Карыя колун көккө серпип шилтеген сайын жеңинен улам бир куш учуп чыга берчү экен. Ал куштардын ар биринин өз-өзүнчө аты бар экен. Мына, колун шилтеди эле, үч куш учуп чыкты; күн суук тартып, кар жаады. Экинчи ирет колун шилтеди эле, дагы үч куш асманга учуп жөнөдү; кар эрип, талаа бети кызыл-тазыл гүлдөргө жайнады. Үчүнчү ирет шилтегенде дагы үч куш асманга көкөлөдү; күн аябай ысып чыкты, эгин-тегин бышты. Төртүнчү жолу колун шилтесе, дагы үч куш жарыша учуп чыгып, аба салкын тартып, жамгыр себелей баштады.

*Жомоктогу үч кушту эмне деп түшүндүң? Карыя эмне үчүн колун төрт жолу көккө шилтеди? Бардыгы канча куш учуп чыкты? Алар кайсы айлар? Кыргызча аталышын* ***ата.***

**9 айырмачылыкты тап**



Сен кайсы мезгилде төрөлгөнсүң? Ал мезгилде адамдар кандай кийим кийишет? Ал кийимдердин аттарын иш дептериңе **жаз** (9-б.).



## АБА ЖАНА СУУ

11–12-сабак

*Кандай жерлерде «абасы таза» деп адамдар эс алышат? Акыр-чикирлерден кантип арылууга болот?* ***Билгениңди айт.***

**Табышмакты тап:**

**А**дам, айбан –
**Б**ардыгы дем алгандын
**А**ты эмне?

**С**алганда тоңдургучка
**У**шунчалык муз тоңот.
**У**луу-кичүү баары ичет,
**А**нын аты не болот?

*Кел, эми тажрыйба жүргүзөлү: Оозуңду жаап, мурдуңду кыпчып, дем алып көр. Канчага чыдадың? Эмне үчүн көпкө чыдаган жоксуң?* ***Түшүндүр.***



Ооба, аба менен дем алып, жашайбыз. Ал бизди бардык жагыбыздан курчап турат. Абаны көрө да, кармай да албайсың. Таза абанын даамы, жыты болбойт.

Аба менен өсүмдүктөр, жаныбарлар да дем алышат.

*Эмне үчүн заводдордогу түтүн чыкчу түтүктөр өтө бийик курулушу керек? Сага бул сүрөт жардам берет. Байкаганыңды* ***айтып бер.***




2-874

Заводдогу түтүктөрдөн түтүндөр менен чыккан зыяндуу нерселер абаны булгашы мүмкүн. Ошон үчүн заводдорго абаны зыяндуу заттардан тазалоочу атайын куралдар коюлган бийик түтүктөр курулат.

**Макалды түшүндүр:**

Жер азыгы – суу.

*Сүрөттөн эмнелерди байкадың? Ал боюнча бирге отурган классташың менен* ***ой бөлүш.***



Ооба, бардык жандуу жаратылышка суу да керек. Сугаруу үчүн суу бөлүштүрүүчү киши **мурап** деп аталат.

*Сен суунун тазалыгын кантип сактайсың? Эмне үчүн сууну өлчөөчү куралдар колдонулат?* ***Оюңду айт.***

**Табышмакты чечмеле:**

**К**дан баштап окусаң, балык кармар жериң.

**Ч**дан баштап окусаң, суу болбосо, кууратсың.

С у у

ч ө л



## АБА ЫРАЙЫ


*13-сабак*

*Сүрөттө сүрөтчү 7 ката кетирген.* ***Каталарды тап.***



*Бүгүнкү аба ырайы жөнүндө радиодон, телеберүүдөн эмнелерди уктуң?* ***Айтып бер.***

**с, ж, уу, л, ы, к** тамгаларынын жардамы менен аба ырайын билдирген **сөз түз.** Сенин оюңча ал сөздөр эмнени билдирет? **Оюңду айт.**



Аба ырайын билдирүүдө «күн ачык», «күн бүркөлүп, ачылып турат», «күн бүркөк», «шамал жүрүп турат» деген сөздөр да катышат.

Аба ырайы жылдын ар мезгилинде, ал тургай ар күнү да алмашып, өзгөрүп турат. Кээде күн тийсе, кээде күн жаайт.

Температуранын өзгөрүшү, жамгыр, тумандуулук, шамал **аба ырайынын белгилери** деп аталат.

Эгерде жамгырдын жааганы токтоордо күн баш бакса, анда **Асан-Үсөн** (күн желеси) көрүнөт. Анда ар дайым кызыл, кызгылт, сары, жашыл, көгүлтүр, көк түстөр байкалат.

Кээде шамал менен жер үстүндөгү жеңил нерселер уюлгуп, түйүлүп абага көтөрүлүп, будуң-чаң чыкса, аны **куюн** дешет.

Асманда **ала булуттар болсо,** аба ырайынын салкындыгын билдирет. **Калың кара булут каптаса,** күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жамгыр жаайт.



**Элде ушундай болот дешет...**

Аба ырайы тууралуу үйдө отуруп билүүгө болот. Пияздын эки-үч башын алып, кабыгынан тазарт. Кат-кат ак кабыгынан да ажырат. Эгерде кабыгы жука болсо, анда кыш жылуу болуп, жааган кар тез эле эрип турат. Ал эми кабыгы калың болуп, кат-кат кабыктары бири-биринен оңой ажырабаса, кыш ызгаардуу болот деп бил.

Күзүндө токойдогу кумурсканын уюгуна көңүл бур. Уюгу канчалык бийик болсо, кыш ошончолук ызгаардуу болот дешет.

*«Байчечекей» журналынан.*



*Сүрөттөгү аба ырайын билдирүүчү аппараттар кайда орноштурулган? Алар эмне үчүн керек? Алардын билдирүүлөрү элге кантип жетет?* ***Оюңду айт.***









Аба ырайын изилдөөчү илимди **метеорология** деп аташат. Окумуштуу метеорологдор аба ырайын изилдеп, ал тууралуу ар дайым элге алдын-ала айтып турушат.

Радиодон жана телеберүүдөн аба ырайын **ук.** Эртеңки абанын өзгөрүшү жөнүндө эмне айтылганын **айтып бер.**

## ТЕМПЕРАТУРА ЖАНА ТЕРМОМЕТР

*14-сабак*

*Сүрөттөгү куралдар эмне үчүн керек? Аларды кандай учурда кантип колдонушат?* ***Билгениңди айт.***

Абанын, суунун, күндүн канчалык ысык же суук экени жөнүндө сөз болгондо, алардын температурасын эске алабыз.

Аны атайын курал менен ченешет. Андай температураны ченөөчү курал ***термометр*** деп аталат. Анын адамдын денесинин температурасын ченөөчү түрү да бар.



*Текстти* ***оку.***

Термометрдин негизги бөлүгү – айнек түтүкчө. Анын ичинде сымап же спирт суюктугу бар. Суюктук ысыганда же муздаганда түтүкчөнүн ичинде жылат. Термометрдин бетиндеги сандар менен сызыкчалар шкала деп аталат. Ал градусту көрсөтөт. Суюктук нөлдөн (0) жогору жылса жылуулукту, төмөн жылса суукту билдирет.

***Кел, эми термометр менен тажрыйба жүргүзөлү.***



1. Муздак суу куюлган стаканга термометрди сал. Түтүкчөдөгү суюктук кайда жылды?
2. Термометрди жылуу суусу бар стаканга сал. Эми эмне болду?

Түтүкчөдөгү суюктук өйдө жылдыбы же ылдыйбы?

Демек, температураны ченөөдө жылуу болсо, + белгиси, суук болсо, – белгиси коюлат.

«Градус» деген сөздүн ордуна, кичинекей тегерекче белги коюлуп жазылат. Мисалы, +5°C (беш градус жылуу), –5°C (беш градус суук) дегенди билдирет.

Адамдын температурасы +36,6°C (отуз алты бүтүн, ондон алты) болуш керек. Эгерде температура +37°Стан жогору болсо, анда адам ооруп калган болот. Суу температурасы 100°Cка жеткенде кайнайт.

Термометрдин моделин **жаса.**



# БЕРЕКЕ МЕЗГИЛИ – КҮЗ

*(Экскурсия)*

***15–16-сабак***

## КҮЗДӨГҮ ЖАНСЫЗ ЖАРАТЫЛЫШ

*Күз мезгилинин белгилерин сүрөттөн байкап* ***айтып бер.***



Демек, айлана алтындай сары түскө айланган. Бышкан эгиндин өңү сапсары, дарактардагы жалбырактардын, мөмө-жемиштердин өңү да кызгылт сары. Албетте, күздө жашылча-жемиштер бышып, жетилип витаминге бай болот. Ошол себептүү **алтын күз** дешет.

Төмөнкү эки мезгилди **салыштыр:**







Күн узун жана ысык, жаан көпкө болбойт, көлмөдө суу жылуу, сууга түшүүгө болот.

Күн кыскара баштап, салкын, туман болуп турат, жаан узакка жаайт, көлмөдө суу муздак, сууга түшүүгө болбойт.

*Эмне үчүн теректин чокусундагы жалбырактар кеч саргаят деп ойлойсуң?* ***Оюңду айт.***





*Жайында аба ырайы кандай эле? Күзүндөчү? Сен бул мезгилде кандай кийинесиң? Байкаганыңды* ***айтып бер.***



**Витамин деген эмне экенин билесиңби?**

Байыркы убакта, адамдар бул сөздү уга электе, алыска сүзүүгө чыгышкан моряктар кандайдыр бир белгисиз оору менен көп оорушкан.



Алар күчтүү, ден соолугу мыкты болгонуна карабай, капысынан эле алдары кетет.

Тиштеринин түбүнөн кан агып, тиштери түшө баштап, **цинга** деген оору менен оорушат. Бирок кайра жээкке келгенден кийин, көк пияз жана капуста сыяктууларды жешкенде, ал оорудан айыгып кетишкен.

Көрсө, алар жеген тамактарда бир белгисиз зат жок болуп чыккан. Ошол белгисиз затты окумуштуулар **витамин** деп аташкан. Ошондон баштап адамдар жашылча-жемиштерде пайдалуу витамин бар экенин билип калышкан. Алардан ар түрдүү тамактарды жасай баштаашкан. Ошондой эле, салаттарды ойлоп табышкан.

Күз жөнүндө билгениңди айтып, «Күз берекеси» деген темада аңгеме **түз.**

17-сабак

## КҮЗДӨГҮ ЖАНДУУ ЖАРАТЫЛЫШ

*Ырды 2 саптан* ***бөлүп оку.*** *Канча жер-жемиш жөнүндө айтылды?* ***Сана.*** *Алардын кантип колдонулушун* ***айтып бер.***



Дан өстүргөн жер сулуу,
Дан өстүргөн эл улуу.

Абдан керек жардамын,
Алма, өрүк, шабдаалым.

Мунун атын жүзүм дейт,
Жүзүмдү бирден үзүп жейт.

Бадыраңым барсайды,
Помидорум тарсайды.

Сабизимдин саамайы
Салкын жерге жайкалды.



Дарбызымдын ширindиги ой-бой-оой!
Күздө сойсом этине калды бычак бойлобой.



**Алтын күз, берекелүү күз** деген сөздөрдү кандай түшүнөсүң?
Классташтарың менен **ой бөлүш.**






## БАДЫРАҢ МЕНЕН КАПУСТА

*(Немис эл жомогу)*

Илгери-илгери бадыраң менен капуста ажырашкыс дос болушуптур. Бир күнү эки дос сууга түшкөнү көлгө барышат. Барар замат бадыраң ары-бери чечине салып, сууга чулп этип кирип кетет. А капуста болсо, токсон кабат «көйнөгүн» улам бирин чечкенче каш карайып, күн батат. Досун суудан күтө берип, бадыраң калчылдап үшүйт. Муздак суудан денеси бүт бүдүрөйүп, бүдүр-бүдүр болуп кетет. Бадыраңдын кабыгындагы бүдүрлөр ошондон калган экен...





**Бадыраң**

Менин атым бадыраң,
Сууну сүйөм баарынан.
Санаа тартып, саргайып,
Желбей калсам таарынам.

**Капуста**

Кабат-кабат киймим бар,
Бирин чечсем бири бар.
Колдорум да буттарым,
Терең-терең катылган.
Мен бышканда денемде,
**Витамин** көп абыдан.

*А. Медербеков.*

Ар түрдүү 5 дарактын жалбырактарын чогулт. Альбомдун барагына гүл **жасап жабыштыр.**

18-сабак

# КАНАТТУУЛАР КҮЗ МЕЗГИЛИНДЕ

*Сен көрүп жүргөн куштар кантип жашайт деп ойлойсуң? Билгениңди* ***айт.*** *Куштардын үнүн уккан болсоң,* ***туурап бер.***




**Эске тутууга көнүк.**

Партанын үстүнө ар түркүн буюмдарыңды кой. Жолдошуңа ал буюмдарды 5 секундга чейин көрсөт. Андан кийин көзүн жаптырып, көргөн нерселерин болушунча көп санда **атоону сура.**



*Келгин куштар эмне үчүн жылуу жакка учуп кетишет? Алар кантип тиричилик кылат деп ойлойсуң? Оюңдагыны* ***айтып бер.*** *Текстти* ***оку.***

**Келгин куштардын учуп кетишинин себеби:**

– суук түшкөндө өсүмдүктөрдүн тамырлары муздак сууну кабыл албай, жалбырактары түшө баштайт;

– курт-кумурскалар дарактардын коңулуна бекине башташат;

– канаттуулар үчүн жемдер азая баштайт;

– күзүндө күндүн кыскарганын канаттуулар сезишет.

Бул убакта кыштоо үчүн бизге түндүктөн жут чымчыктар, үрпөк баш чымчыктар учуп келишет. Алар өсүмдүктөрдө калган мөмөлөрдү, уруктарга жашынып алган курт-кумурскаларды жешет. Күкүктөр болсо эң жылуу июлдун аягы же август учурунда кышы жылуу жактарга учуп кетишет.

**Табышмакты чечмеле:**

Жайда бар, күздө жок  
«Акын» деп айтат элибиз.  
Гүлдүү жерде, бирок чөлдө жок  
Кай жан бул ойлоп көргүнүн?

К _ _ _ К



Өзүң сүйгөн канаттуунун элесин пластилинден **жасап көрсөт.**



Өзүң жасаган куш эмне үчүн сага жагат?

Ал жөнүндө **айтып бер.**



# ӨСҮМДҮКТӨР

1-сабак

## ӨСҮМДҮКТҮН БӨЛҮКТӨРҮ

*Өсүмдүктүн кайсы бөлүгү күн менен, ал эми кайсы бөлүгү жер менен байланышта деп ойлойсуң? Алардын байланыштары жөнүндө оюңду* ***айтып түшүндүр.***

*Боштуктардагы тамгаларды* ***тап.*** *Өсүмдүктүн бөлүктөрүнүн аттарын* ***ата.***

1. т□м□ры
2. с□б□г□
3. ж□л□ы□агы
4. г□лү
5. □өмөсү


4
3
5
2
1

Демек, өсүмдүктүн **тамыры, сабагы, жалбырагы, гүлү** жана **мөмөсү** болот.

Өсүмдүк күндүн нурунан кубат алып, жалбырагы жашыл түскө айланат. Тамыры аркылуу суу ичет. Гүл ачып, мөмө байлайт.

Жандуу жаратылыштын дем алуусунан чыккан керексиз көмүр кычкыл газын өзүнө сиңирип, биз дем алчу абадагы кычкылтекти бөлүп чыгарат. Өсүмдүктөн жемиш, жашылча, ун, май жана кант алынат.

Өзүң сүйгөн гүлдүү өсүмдүктүн сүрөтүн иш дептериңден **боё** (14-б.).



## ӨСҮМДҮКТӨРДҮН АР ТҮРДҮҮЛҮГҮ

2-сабак

*Сен жашаган жерде кандай өсүмдүктөр бар? Аларды кантип колдонушат? Пайдасы жөнүндө* ***айтып бер.***

*Боштуктардагы тамгаларды* ***тап.*** *Өсүмдүктөр канча топко эмне деп бөлүштүрүлгөн? Топтордун аттарын* ***ата.*** *Алардын айырмаларын, окшоштуктарын* ***салыштыр.***



1. Д□р□к.



2. Б□д□л.



3. Ч□п.

Сабагы жоон, бутактары катуу, жерден бир кыйла өйдө таралып өскөн өсүмдүктү **дарак** деп аташат.

Жерден чыкканда эле майда сабактары көп болуп, таркап өскөн өсүмдүктү **бадал** деп аташат.

Ал эми сабагы жумшак жана ийилчээк келген өсүмдүк **чөп** өсүмдүгү деп аталат.

Ошентип, бардык өсүмдүктөр **дарактар, бадалдар** жана **чөптөр** деп бөлүнөт.


## ИЙНЕ ЖАЛБЫРАКТУУ ЖАНА ЖАЗЫ ЖАЛБЫРАКТУУ ДАРАКТАР

*3-сабак*

*Сүрөттөн сен жашаган жердеги өсүмдүктөрдүн жалбырагын* ***таанып көрсөт.*** *Эмне үчүн жайкы жалбырактар жашыл, ал эми күзгү жалбырактар сары болот? Себебин* ***айт.***

Жалбырактагы тарамыштарды байкадыңбы?

Байкасаң ал тарамыштар өсүмдүккө керектүү азык заттарды өткөрөт.



Жазы жалбырактан, ийне жалбырактан альбомго **салып кургатып ал.** Мүмкүн алардан гүлдесте, сүрөт же дагы бир нерсе жасайсың.



*Сүрөттөн арча менен карагайдын жалбырактарын* ***салыштыр.*** *Окшошпу же айырмасы барбы?*

*Сенин оюңча алардын жалбырактары кайсы буюмга окшош?* ***Айтып бер.***



Ооба, ийнеге окшош. Ошондуктан, алар **ийне жалбырактуу** деп аталышат. Ал эми жалбырагы жазы, жайык болсо **жазы жалбырактуу** бадалдар, дарактар деп аталышат.



**Табышмакты тап:**

Жыл мезгилин ылгабай,<br>
Кышы-жайы жашылдай.

а | л | ~~ж~~ ч | а

Биздин эл арчадан ысырык жасашат. Анын себеби, арча өзүнөн заттарды бөлүп чыгарат. Мындай заттар жугуштуу ооруларды таратуучу микробдорду өлтүрөт. Абаны тазартат. Ал касиеттер пиязда, сарымсакта, жаңгакта да кездешет. Жаңгактын жалбырагынан күбө качат. Эмен дарагы өскөн жерде бүргө болбойт.

4-5-сабак

# ЖАПАЙЫ ЖАНА МАДАНИЙ ӨСҮМДҮКТӨР

*Сүрөттөн сен тааныган өсүмдүктүн* ***атын ата.***

*Өсүмдүктөр кандай топторго бөлүштүрүлгөн? Адегенде, жапайы, андан кийин маданий өсүмдүктөрдү* ***ата.***

**ДАРАКТАР**

Жапайы





Маданий





**БАДАЛДАР**

Жапайы



Маданий





**ЧӨПТӨР**

Жапайы



Маданий







Адамдардын жардамысыз тоолордо, токойлордо, суу боюнда өскөн өсүмдүктөрдү ***жапайы өсүмдүктөр*** дешет. Ал эми адамдардын жардамы менен парктарда, короолордо, үйлөрдө өстүрүлгөн өсүмдүктөрдү ***маданий өсүмдүктөр*** деп аташат.

*Эмне үчүн бөлмөдөгү гүлдүн жалбырагы жарык жакка бурулуп калат?* ***Себебин тап.***

*Бул дары өсүмдүктөрүн кайдан көрөсүң?*

*Сүрөттөн ирети боюнча тап. Аларды кантип колдонушат?* ***Айтып бер.***

1. **Ромашка** ак гүлү ысытманы түшүрөт.

2. **Ит мурун** ашынын ширеси боор, бөйрөк ооруларын айыктырат.

3. **Чычырканак** ширеси ашказан жабыркаганда колдонулат.



3



1

Ошондой эле, долоно, чекенди, чиенин аштары, жүгөрү чачтары да дары.



2

*Дары чөптөрдүн аттарын билдирген сөздөрдү* ***тап.***

С А _ _ М _ _ К     Ч _ Л _ _ Н

Ж А _ Б _ З

М _ Н Т _ _ _ Р

**6-сабак** **БӨЛМӨ ӨСҮМДҮКТӨРҮ**

***Эмне үчүн адамдар бөлмөлөрүнө гүлдүү өсүмдүктөрдү өстүрүшөт? Сенин бөлмөңдө кандай гүлдүү өсүмдүктөр өсөт? Аны сен кантип карайсың? Айтып бер. Бул гүлдөрдүн аттарын ирети менен ата.***

3 1 2



1. Алоэ. 2. Фиалка. 3. Герань.

Ооба, гүлдүү өсүмдүктөр бөлмөнүн абасын тазалайт жана анын ичин кооздойт. Бул адат кышы суук өлкөлөрдөн келиптир. Адамдар дайыма дары менен камсыз болуш үчүн дары өсүмдүктөрдү бөлмөлөрдө өстүрчү экен. Кийинчерээк кооз жалбырагы жана гүлү бар өсүмдүктөрдү өстүрө баштащат. Гүл эң баалуу белек катары да берилет.

**Гүлдүү өсүмдүктөрдү өстүрүү эрежесин үнүңдү катуу чыгарып оку.**

– гүлгө муздак суу куйба, суунун температурасы бөлмөнүкүндөй болсун;

– температура кышкысын $+15^{\circ}$, жайкысын $+20^{\circ}$ болуш керек;

– гүлдүү өсүмдүктөрдүн жалбырактарында турган чаңды ным чүпүрөк менен аарчып тур;

– гүл өстүрүлгөн топурак ар дайым нымдуу, жумшак, борпоң болуп туруш керек.



*Текстти **оку.** Окуяны элестетип, катарлаш отурган бала же кыз менен **туурап көрсөт.***

ЧЕМИЧКЕ

*(Болгон окуя)*

Исламбектин классташтары класстын тазалыгына өздөрү жооп берет. Класстын ичи оңойлук менен тазаланбайт. Айрыкча «чемичкенин» кабыктары жолтоо болот. Бир күнү Исламбек классташынын алаксыганын байкап:



– Ал эмне?– деп сурады.

– Жөн эле кагаз, – деп классташы жооп берди.

Исламбек анын жообуна ынанбай, классташынын алдындагы чемичке оролгон кагазды алып карады. Чемичкенин «ээси» табылбай жүргөн, көрсө ушул бала тура! Бирок Исламбек ал жөнүндө классташтарына айткан жок. Ошондон кийин классты тазалоо оңой болуп калды.

*Исламбек эмне деп эскертти деп ойлойсуң? **Оюңду айт.***

Күн караманын гүлү эртең менен күн чыкканда күндү карайт. Кечинде күндүн баткан тарабын карай бурулат. Ушинтип күндү ээрчигендиктен, күн карама деп аталган. Күн карамадан чемичке, май алынат. Куураган сабагын отун катары да колдонушат.

**Жаңылмачты жатка айт:**

Күн карама күндү карайт.
Күн карама күндү карабай,
Күн карама кимди карайт?


Көк көпкөкпү?!
Көл да, көк да көк эмес,
Көк чөп көпкөкпү?!

# ЖАНЫБАРЛАР

7–8-сабак

## ЖАПАЙЫ ЖАНА ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

*Сүрөттөгү жаныбарлардын кайда жашаганын* ***эске ал.*** *Аларды 2 топко* ***бөл.*** *Сен жашаган жерде кандай жаныбарлар бар? Алар сүрөттө болсо,* ***атын атап көрсөт.*** *Сен аларга кантип кам көрөсүң?* ***Айтып бер.***





Өзүң жактырган жаныбарды пластилинден **жаса.** Эмне үчүн аны жактырасың? Ал жөнүндө **айтып бер.**





*Эмне үчүн* ***үй жаныбарлары*** *жана* ***жапайы жаныбарлар*** *деп бөлүшөт?* ***Оюңду айт.***

*Текст 3 түс менен берилгенин* ***байка.*** *Ага карата үч топко* ***бөлүнүп окугула.***

*Бир топтогулар жапайы жаныбарлар, экинчи топтогулар үй жаныбарлары, үчүнчү топтогулар алардын пайдасы жөнүндө окуганыңарды* ***айтып бергиле.***

Токойдо, сууларда, талааларда адамдардын жардамысыз эле жем табышып, көбөйүшүп жашашкан канаттуулар, балыктар, бакалар, жыландар, кескелдириктер, илбирстер, карышкырлар, түлкүлөр **жапайы жаныбарлар** деп аталат.

Ал эми уйлар, койлор, тооктор, иттер, мышыктар, эшектер, жылкылар, бөлмө куштары, аквариумдагы балыктар, багылган коёндор **үй жаныбарлары** делет.

Жаныбарлардан адамдар **тери, эт, май, сүт, каймак** алышат. Аарыларды багып, алардан **бал** алышат.

Ат, эшек, төө жана топоз унаа катары пайдаланылат.



Чычкан, келемиш жана таракандар үй жаныбарларына кирбейт. Алар үйлөрдүн кычыктарында, подвалдарда, таштандылар арасында жашашат. Аларды лабораторияларда да кармашат, себеби алар тажрыйба жасоо үчүн керек.

**Табышмакты жообу менен оку.**

Атка окшош, бирок андан кичине дешет:<br>
Эл айтат «күчү адал, сүтү арам» – кешЭ.

## АТ МЕНЕН ЭШЕК



Эшек атка келип, дос катары саламдашты.

**Эшек** *(муңканган түрү менен):* Айланайын досум, бул эмнеси, эл менин кемчилигимди гана көрүшөт. Адамдардын бардык иштерин аткарам, бирок баары бир жакпайм. Кемсинтишет...

**Ат** *(аёо сезими менен):* Мен дагы ушуга таң калам.

**Эшек:** Кемчилик кимде жок дейсиң! Силер ташыган чөптү мен да ташыймын. Сага ээр токуп минген адамдар, мага да ээр токуп минишет. Ошондо да мени жектеп шылдыңдашат. Мисалы, эсеп чыгара албаган баланы «эсеп билбеген эшек» деп тилдешет. Эсепти билбегеним чын дечи, а силер деле билбейсиңер да.

**Ат:** Ооба, ал ырас.

Эшек башын жерге салып, көзүнө жаш алды: Бирөөнүн ырдаганы жакпай калса дагы «эшекке окшоп айкырат» дешет. Деги койчу, ошентип мени кемсинтип, эч кимиси жактырбайт. Өрдөк, тоокчо да көрүшпөйт. Мен адамдарга өзүмдүн акылдуу да, мыкты экенимди көрсөтүү үчүн эмне кылышым керек?! Акылыңды айтчы!

Алардын ээси – адам келди.

**Эшек** *(айкырык үнү менен):* Эй, адам! Мен акылдуумун, күчтүүмүн жана да адалмын, силерге ушуну түшүндүрүп коюуга убакыт жетти!

**Адам** *(таңгалып, ойлонуп туруп сүйлөдү):* Ооба, сенин күчүңдүн адал экени – ырас. Бирок сен ушу айкырган ачуу добушуң менен, ойлонбой айткан сөзүң менен өзүңдүн эшек экениңди дагы бир жолу далилдеп койдуң. Акылдуулук өзүн-өзү мактоо эмес!

*А. Мамбетисаев.*

Сенин оюңда эшек кандай аракет жасаса адамга жакмак? Сунушуңду **айт.**



## ЖАПАЙЫ ЖАНЫБАРЛАР





**Тыйын чычкан** жаңгак, бүчүр, мөмөлөр менен тамактанат. Ал козу карындарды, доңуз жаңгактарды күздүн башталышында жыйнап, дарактардын коңулдары менен тамырларынын алдына чогултат.



**Коён** болсо, тоют жыйнабайт. Ал бадалдардын, бактардын кабыктары жана жаш бутактары менен тамактанат.



**Карышкыр, түлкү** күнү-түнү желип-жортуп, өздөрүнөн алсыз жаныбарларды кармап жешет.



**Түлкү** карды шилеп, чычкандарды издейт. Түлкүнүн туруктуу жашаган ийини болбойт, ал көрүнгөн жердеги ийиндерге кирип түнөйт.



**Аюу, кашкулак** да тоют жыйнабайт. Алар жайдын аягында жана күзүндө мөмө-жемиштерге жана козу карындарга жакшы тоюп, денесине май топтоп семирип, алып чээнге кирип кышташат.



**Суур** ийинин тереӊ казып, көп бөлүктөргө бөлүп, жатар жерине кургак чөп төшөйт. Алты ай ийининде уктап, эч жакка чыкпайт.

***Бат айт:***

Ай талаада кар ышкырат,
Андан коркпойт карышкыр, ат.

Сүзбөсүн деп эч кимди,
Байлап салдым эчкимди.

## ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

*Сенин жердештериң кандай үй жаныбарларын кармашат? Үй жаныбарларынын кандай топтору бар? Кантип карашат? Алар эмне пайда берет?* ***Айтып бер.***

Кыргыз эли илгертен бери мал багып, мал менен жан баккан эл. Ошондон улам кыргыздар союлган малдын этин жиликтеп бышырат. Анан устукандап, конокторго тартат.





Сүрөттө сен бир нече үй жаныбарларын көрүп турасың. Санап чыгып, алардын санын **айт**. Аттарын **ата**. Жаныбарлардын үнүн, кыймыл-аракетин **туурап көрсөт**.





*Бириңер үйдүн, бириңер аттын, бириңер иттин ролун* ***аткаргыла.*** *Алардын мүнөзүн, кыймылын, үнүн* ***туурап көрсөткүлө.***

### АЙБАНАТТАРДЫН ТАЛАШЫ

*(Жомок-инсценировка)*



**Ат** *(кишенеп):* Албетте, адам мени жакшы көрөт. Анткени буурусун менен маласын тартып берем, токойдон отунун алып келем. Өзү болсо мени минип алып шаарга барат, менсиз анын күнү өтпөйт.

**Уй** *(мөөрөп):* Андай эмес, ал мени өзгөчө жакшы көрөт. Мен анын бүтүндөй үй-бүлөсүн сүтүм менен багам.

**Ит** *(ырылдап):* Жок, мени. Мен анын бардык мал-мүлкүн кайтарып берем!...

**Үй ээси** *(акырын басып келип):* Эй, болбогон талашты койгула! Силердин ар бириңер өз ишиңер менен баалуусуңар, ошон үчүн мага керексиңер!...

*Д. Ушинский.*



*Иш дептериңе сен жактырган үй жаныбарынын* ***сүрөтүн тарт*** (15-б.).



Ата-энеңерден же улуу адамдардан устукандар кандай бөлүштүрүлө турганын **сурап билип, айтып бер.**



Уйлар, койлор, эчкилер азык – ***тоютту*** жайыттардан, ал эми тооктор, каздар, өрдөктөр арыктын жээктеринен, көлмө, суулардан табышат.



Күзүндө чөптөр куурай баштаганда малдарды жаюунун убагы кыскарат.

Кышында үй жаныбарлары көбүнчө сарайда кармалып, кошумча жем, чөп бериле баштайт. Жылуу, таза ыңгайлуу сарайларда багылып, тоюттандырылат. Үй жаныбарлары адамдарга үйүр алып, кээ бир жаңсоолорду түшүнүшөт. Үй жаныбарларынын да жапайы жаныбарлардай эле күзүндө жүндөрү түлөйт.

Малдардан ***эт, май, сүт, тери, жүн*** жана ***тыбыт*** алынат. Сүттөн ***айран, каймак, май, сүзмө, курут, быштак*** даярдалат. Бээнин сүтүнөн ***кымыз***, ал эми эттен улуттук ***бешбармак, чучук, олобо, быжы, жөргөм*** жана башкалар жасалат.

---



Топоз кандай жаныбар, билесиңби? Биздин жерде жашаган топоздор бийик тоолуу жерлерди байырлашат. Алар жөнүндө чоңдордон **сурап бил**.





## АТ – АДАМДЫН КАНАТЫ

*10-сабак*

*Эмне үчүн адамдар ат багышат? Аны кантип багышат? Сен ат миндиң беле?* ***Билгениңди айт.***

Атты минсең жолуң арбыйт, жүк артсаң – унаа. Бээси кулун тууп, саасаң сүт берет. Сүтүнөн кымыз жасалат.

Күлүк аттарды таптаган адамды **саяпкер** дешет. Ат, бээни **жылкы** деп да аташат. Жылкы жашына жараша ар кандай аталат. *Номерлер боюнча ал аттарды* ***таап оку.***




1. Бээнин баласы – **кулун.**
2. Экинчи жылы – **тай.**
3. Үчүнчү жылы – **кунан.**
4. Төртүнчү жылы – **бышты.**
5. Бешинчи жылы – **асый.**

*Сүрөттөн ат жабдыктары эмнеден турарын ирети боюнча* ***тап.*** *Аларды атап* ***айтып бер.***



1. Ээр.
2. Үзөңгү.
3. Басмайыл.
4. Көрпөчө.
5. Камчы.
6. Көмөлдүрүк.
7. Жүгөн.
8. Куюшкан.

*Ат жабдыктар эмнеден жасалат? Чоңдордон* ***сурап, айтып бер.***



## ИТ ЖАНА МЫШЫК

11-сабак

***Жоопту тууралап оку:***

Аны «адамдын жолдошу» – дейбиз бүт,
Корообузду кайтарып берүүчү –
*(тИ)*



1



3



2



4

Чычкан көрсө чуркаган
күйүп-бышып,
Жетсе басып «чыйылдатып» жеген –
*(кышыМ)*

*А. Иманбаев*



5

*Иттер жана мышыктардын аттарын ирети боюнча* ***тап.***

1. Гамилтон тайганы.
2. Кыргыз тайганы.
3. Немис карышкыр ити.
4. Сиам мышыгы.
5. Америкалык керл.

Ит жырткычтардын жеп кетүүсүнөн үй жаныбарларын коргойт. Үйдү кайтарат. Мергенчилер менен бирге жүрөт. Буйрук менен көп нерселерди үйрөнүп, жардам берет. Бир жерге бир нерсени «алып бар» же «алып кел» десең, ал буйрукту аткарат. Кээ бир иттер ууруларды жана тартип бузгандарды кармап, милиционерлерге жардам беришет. Ошондуктан, элде «ит адамдын досу» дешет.

Ал эми мышык да адамдар менен бирге жашайт. Ал үйдөгү дан азыктарына, кийим-кечеге зыян келтирген келемиш, чычкандарды жок кылат.

# БЕЙПИЛ КЫШ МЕЗГИЛИ

12–13-сабак

*(Экскурсия)*

## ЖАНСЫЗ ЖАРАТЫЛЫШ КЫШЫНДА

*Кыш келгенде эмне үчүн суук болот?*

*Кыш мезгилинин белгилерин сүрөттөн* ***байкап айтып бер.***



Эмне үчүн 1-январда Жаңы жылды майрамдашат?

Ал жөнүндө ата-энеңден же чоңдордон **сурап билип, айтып бер.**



## ЖАНДУУ ЖАРАТЫЛЫШ КЫШЫНДА

14-сабак

**Табышмакты тап:**

Төө оoздуу,
Бото көздүү,
Эшек кулактуу,
Эчки чычаңдуу,
Ат аяктуу,
Кой жүндүү,
Бул эмне?
К ☐ ☐ Н

***Кар алдында өсүмдүктөр эмне үчүн жашыл? Анын себебин тексттен таап оку.***

**Кышында кар алдында ийне жалбырактуулар, дан өсүмдүктөрү, бүлдүркөн жашыл бойдон кыштайт. Карагайлардын тегерегиндеги жерге түшкөн каралжын тарткан ийне жалбырактарды көрөсүң. Ал болсо ийне жалбырактардын акырындык менен түшүп, кайра чыгып алмашарын билдирет.**



Жалбырактуу дарактарда бүчүрлөрдү жана алардын тегерегинен мөмөлөрдү табууга болот. Мисалы, четиндин кыпкызыл мөмөсү турат. Ал эми чычырканактын ашын кышында дарылыкка күбүп алышат. Айдоо талааларынан кар алдынан ачык жашыл чөптөрдү көрүүгө болот. Мындай өсүмдүктөрдүн тоңбой, кышкы суукка чыдашына кар катмары жардам берет.

Ал эми помидор, пияз, бадыраңды жана кээ бир гүлдөрдү атайын жайларда – **теплицада** өстүрүшөт.

4-874

**Сейрек кездешкен жаныбарлар жөнүндө билип ал.**



**Жейрен** – кыймылы назик, койкоюп баскан, көзү капкара болгон сындуу жаныбар. Анын мындай сулуулугу үчүн илгери падышалар өз короолорунда кармашкан. Жейрендер абдан тез чуркашат.



**Аркар** – жапайы кой. Аска зоолордо жашайт. Анын мүйүзү буралып турат. Ал – шамдагай жаныбар.



– Бул **элик**, Кыргызстандын тоолуу, токойлуу жана бадалдуу жерлеринде жашайт. Ал чөп өсүмдүгү менен азыктанат. Кышында дарактардын жана бадалдардын бутактары жана кардын астында калган каураган чөптөрдү жейт.



**Каман** – үй чочкосуна окшош, буттары тез жүгүргөнгө ылайыктуу. Андагы өзгөчөлүк – анын узун тумшугунун учу сезгич жана кыймылдуу болот.



**Кыргоол** – сулуу куш. Дарыя, суу жээктериндеги бадалдардын арасында жашайт.

Кышында куштардан **сагызган, таранчы, каргалар** бар. **Тоңкулдактар** эски бактын сөңгөгүн «такылдатышат». **Кашка чымчыктар** шамдагай кыймылдашып, топтошуп кабыктардан курт-кумурскаларды издеп табышат. Четиндерден **жут чымчыктарды** көрүүгө болот. **Көгүчкөн, карга, таранчылар** эл жашаган жерлерге жакын келип, жем издешет.



# АСАНКАЙГЫ



Илгери кыргыз элинин Асан деген ойчул, акылман, сынчы адамы болгон экен. Ал жаныбарларга жана ата-энесиз жетим балдарга өзгөчө боорукердигинен улам кайгычыл болуп кеткендиктен, **Асанкайгы** деген атка конуптур.

Кышында минтип кайгырчу экен:








Жатарына жайы жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Алдейлерге эне жок,
Асырарга ата жок,
Жетим байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап.
Көргүлүктү көргөн чыгар,
Балык байкуш кантти экен?
Колун бооруна алып,
Коркуп качып жүргөн чыгар,
Коён байкуш кантти экен?
Уясын кар баскан чыгар,
Шору таштай каткан чыгар.
Муздап карга жаткан чыгар,
Чымчык байкуш кантти экен?

**Асанкайгынын:**

*«Сабырдын түбү сары алтын,*
*Саргарган жетер муратка,*
*Сабырсыз калат уятка»*

деген акыл саптары эл оозунда жатталып калган.

Ырдын сага жаккан жерин **жатта.**

# ДЕН СООЛУК ЖАНА КООПСУЗДУК


*1–2-сабак*

## ДЕН СООЛУК

*Эмне үчүн түн ичинде уктайбыз? Эртең менен ойгонор замат кайсы ишти баштайсың? Ирети менен айт. Гимнастиканын түрлөрүн* ***туурап көрсөт.***

*Сүрөттү колдонуп, денеңдин ички жана сырткы бөлүктөрүн* ***атап бер.***

*Алар эмне үчүн керек? Кантип колдонобуз?* ***Айтып бер.***




Денеңдин сырткы бөлүктөрүн: башыңды, мойнуңду, денеңди, колдоруңду, буттарыңды **көрсөт.**

Муштумуңду түйүп **көрсөт.** Сенин жүрөгүң ушул муштумуңдун көлөмүнө барабар. Сен өсүп чоңойгон сайын, сенин муштумуң да өсөт. А жүрөгүң болсо, күчтүү боло баштайт.



*Тексттерди* ***оку.***

### «Микроб» дегенди уктуң беле?



Уксаң, ооба ал оору жугузат. Адамдын организмине аба же тамак менен кирип, канга өтүп, бат эле ооруларды пайда кылат. Эгерде ооруган адамдын бир тамчы канын микроскоп менен караса, анда кандын ичинен жайнаган кичинекей ийрейген, кыймылдаган таякчалар көрүнөт.

Ошолор – оору козгогуч микробдор.

### Грипптен сактан

Адам грипп менен ооруп калса, температурасы көтөрүлүп, муруну бүтөт. Жөтөлөт, алсырайт, эч нерсеге көңүлү келбей, жаткысы эле келе берет. Башы катуу ооруйт, кээде кусат.

Эгерде, өзүң ооруп калсаң, башкаларга жугузбаганга аракеттен. Жөтөлгөндө жана чүчкүргөндө аларды караба, оозуңду, мурдуңду кол жоолугуң менен же колуң менен жап. Айыкмайын мектепке, конокко барба!

### Эрежелерди ата-энеңдин айткандары менен салыштыр

Суук күндөрү суук тийгизип албаш үчүн жүндөн же пахтадан жасалган жылуу кийимдериңди кий.

Кокусунан жамгырда калып, кийимиң суу болуп калса, үйгө тез келип, кургак кийим менен алмаштыр. Эч качан бутуңду жана кийимиңди суу бойдон алып жүрбө.

Кимдир бирөө жөтөлүп же чүчкүрүп калса, андан алыс бол. Жугузуп алышың ыктымал.

3–4-сабак

## ЖОЛДО САК ЖАНА ЭТИЯТ БОЛ!



*Бирге отурган классташтарыңдын жообун* ***сурап ук.*** *Сен тапкан жоопторго туура келдиби?* ***Ой бөлүш.***

1. Жолдо эч бир машина жок болсо, светофордон **кызыл** жанганда өтө беремби?

2. **Жашыл** жанганда бардык машиналар токтоп калат, анда мен жолдон өтөмбү?

3. **Жолдун ортосуна барганда** да, машина жокпу деп, аркы-берки жакты карап, токтоп турамбы?

4. **Кызыл күйүп турат,** машина акырын келатат, анда деле ал машина өткөнчө турамбы?

**ТОКТО!**

**ДАЯРДАН!**

**ӨТ!**



**Көргөнүңдү аткар (оюн)**

*Аялдамада тургандардын кимиси кимден кийин кириши керек? Ар биринин ролун* ***аткарып көрсөткүлө.***



*Дагы кимдерге жол бериш керек деп ойлойсуң?*

4 окуучу биригип, **ой бөлүшкүлө.** Андан кийин бирөөң **жооп бер.**

*Бул жолдорду кайдан учуратасың? Ал жолдордо кантип жүрүү керек?* ***Айтып бер.***






5–6-сабак

# КЫРСЫКТАН ЖАНА ӨРТТӨН САКТАН!

***Сүрөттөгү буюмдардын аттарын ата.** Алар эмне үчүн керек? Сен бул буюмдарды кантип колдоносуң? Муздаткыч эмне үчүн керек? Кокусунан бир жериңди күйгүзүп же кесип алсаң эмне кылуу керек? **Айтып бер.***




**Макалды чечмелеп түшүндүр:**

Сактыкта кордук жок.

– Электр куралдарын, токту өткөргүч зымдарды эч качан суу колуң менен кармаба!

– Отургучка отурарда, сынык эмеспи, текшер!

– Кайнап турган казан, мискейлердин жанына жолобо!

– Үйдөгү кичинекей бөбөктөрүңдү оттон алыс ойнот!

– Колдоруна бычак, кайчы карматпа! Дары көрсөң, билбей туруп, чоңдор айтмайын, ичпе!

– Сүт же суу кайнап жатканда, идиштин сабына тийип алба, төгүлүп кетсе, күйүп каласың.

– «Уксусту» тамак жеген жайлардан көп көрөсүң. Ага суу кошуп, тамакка кошушат. Ал – күйгүзгүч суюктук.



# СУУДА

7-сабак

*Сен кайсы көлгө сууга түшкөнү барасың?*

*Сууга кантип түшүү керек экендиги жөнүндө сага чоңдор эмнелерди айтышкан? Алардын эскертүүлөрүн **айтып бер.***



Ооба, элде «суунун тили жок» деп коюшат. Сен, сууга чөмүлгөнүңдө, суу сага: «Коркунучтуу жерге түшүп алдың», – деп, эскертип айта албайт!

Сууда сүзүүнү үйрөн. Суунун ичиндеги таштарга урунуп алба. Сууга түшкөнгө чоңдор менен баруу керек.

**Макалды чечмелеп түшүндүр:**

Кырсык – каш-кабактын ортосунда.

*Сен, 102ге кайсы учурда чаласың? Ал кимдин телефону? Адашып кетсең кимге кайрылыш керек?*

*Сен милиционер болгуң келеби? Милициянын иши жөнүндө **билгениңди айт.***

Сен адашып калсаң, адамдын ким, кандай адам экенин билбей туруп, ага кайрылба.

# АДАМ КӨРКҮ – АДЕП

8–9-сабак

## АДЕПТҮҮ БОЛ

*Теманын маанисин кандай түшүнөсүң? Сен өз үй-бүлөңдү жакшы дедириш үчүн кантип аракет жасайсың?*
*Өз салымыңды* ***айт.***

**Макалды чечмелеп түшүндүр:**

| |
|---|
| Бала жакшысы – атанын даңкы,<br>Кыз жакшысы – эненин даңкы. |



Демек, сага эң жакын адамдар үй-бүлө мүчөлөрү: ата-энең, бир туугандарың. Алар менен сылык сүйлөшүп, өзүңдү сыпаа алып жүрүп, жалган айтпай, улууларды урматтап, кичүүлөрдү аяп, аларга жардам **бер.**

*Бош убакытты кандай пайдаланасың? Үй ишин жасоо кимдин милдети деп ойлойсуң? «Кыздын иши жана баланын иши» деп бөлүнөбү?* ***Оюңду айт.***

«Чынжырды» чечмеле. Ал боюнча сен ким деп аталганыңды **айт?**






*Сүрөттөн байкаган жакшы жана жаман сапаттар боюнча бирге олтурган классташың менен* ***ой бөлүш.***



## ТУУЛГАН КҮН

10-сабак

***Телефондо сүйлөшүү адебин үйрөн.***



– Саламатсыңбы, Рустам!
– Саламатчылык! Бул ким болду экен?
– Мен эле, Төрөбекмин. Сени саат 12ге конокко чакырайын дедим эле.



– Эмне себеп болду экен?
– Бүгүн менин туулган күнүм. Сени күтсөм болобу?
– Оо, кандай жакшы! Төрөбек, туулган күнүң менен куттуктайм! Мен сөзсүз барам. Чакырганыңа чоң ракмат!
– Анда сени күтөм.

*Дагы кантип сүйлөшсө болот? Саат 12ге чакырса, канчада барасың? Оюңду* ***айтып бер.***



Иш дептериндеги «Театрда» деген текстти окуп, классташтарың менен **ой бөлүш (48-б.).**



11-сабак

## ЖЕР ЖАНА КҮН

*Күн, Жер, суу бири-бири менен кандай байланышат деп ойлойсуң?* ***Оюңду айт.***

Күн – Жерге караганда абдан чоң. Бардык жакка жарыгын чачып, жылуулугун берет. Суусу жана абасы бар планета – бул биздин Жер планетасы.

Жерден чөп чыкса, ага мал тоёт. Малдан тамак-азык алынат. Андыктан жандуулар бири-бири менен байланышта. Эл ичинде «малды, нанды жерден сура» дешет. Баары жер койнунда жашашып, жер энедей болгондуктан, **Жер-Эне** деп аташат. Ошон үчүн жерибиз ыйык, аны ар бирибиз сакташыбыз керек.

**Кел, тажрыйба жүргүзөлү.**

Ал үчүн глобусту досуңа карматып, ага өзүң жарык бергич менен жарык бер. Мында, *жарык бергич*, күндүн ордуна колдонулду. Андан кийин глобусту тегеретип, айландыра бур!.. Эмнени байкадың? Глобустун жарык тийген жагы **күн,** ал эми жарык тийбеген жагы **түн** болот.





Эмне үчүн «эл эмгегин жер жебейт» дешет? Ата-энеңден же чоңдордон **сурап билип, айтып бер.**





# ЖАЗ – ЖАРАТЫЛЫШТЫН ЖАҢЫЛАНУУ МЕЗГИЛИ

*(Экскурсия)*

12–13-сабак

## ЖАНСЫЗ ЖАРАТЫЛЫШ ЖАЗЫНДА

*Жаз мезгилинин белгилерин сүрөттөн байкап* ***айтып бер.***




Эмне үчүн «Нооруз» майрамы март айында майрамдалат? 8-март майрамы кимдерге арналган? Чоңдордон **сурап билип, айтып бер.**

14-сабак


# ЖАНДУУ ЖАРАТЫЛЫШ ЖАЗЫНДА



*Кайсы мезгилде, күн бийик тиет?*
*Күн бийик тийгенде, жарыгы узарабы же кыскарабы?*

Төмөнкү схемадан **салыштыр.**
Сандар сааттарды билдирет.






Тал, терек, жаңгак дарагы эрте гүлдөйт. Алардан кийин өрүк, алма, алмуруттар гүлдөшөт. Эрте гүлдөөчү ала гүл, өгөй эне, байчечекей, жоогазын, кызгалдак сыяктуу чөп өсүмдүктөрү чыга башташат.

**Эрте гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн сырын билип ал:**

– кар эрий баштагандыктан, топурак нымга бай;
– күндүн нурунан жылыган жерлерде жылуулук болот;
– өсүмдүктүн жер алдындагы жоонойгон бөлүгүндө запас азык өткөн жайда эле топтолуп, кыш бою сакталган.

*Өсүмдүк эмнеден өнүп чыгат?*
*Сүрөт боюнча* ***түшүнгөнүңдү айт.***





**Текстти беш топко бөлүнүп окугула.**



Көпөлөктөр гүлдөн-гүлгө конуп, аларды чаңдаштырат, уруктандырат.

**Шайтан көпөлөк** жумурткаларды тууйт. Алардан майда күбө курттар өрчүп чыгат. Алар жүндөн жасалган кийим, ала кийиз, шырдак, тебетей, тумактарды тешип жейт. Алмадагы курт – алма көпөлөктүн тукуму.



Уюкта **эне кумурска** жумуртка тууйт. **Жумушчу кумурска** зыяндуу курттарды, коңуздардын чоңдугуна карабай, аларга кычкыл суусун бүркүп, эсин оодарып, анан уюгуна сүйрөп кетет. Өлгөн жандыктарды да жешип, жаратылышты тазалайт.



Кийинчерээк **чымындар, чиркейлер** пайда болушат, анан **аарылар** ойгонушат. **Чымындар** этке жумуртка тууйт. Андан курттар пайда болуп, алар эт жеп, кайра эле чымынга айланат. Чымындар микробдорду ташып, оору жугузат.



**Чиркей** саздуу жерде сууга майда жумуртка тууйт. Ал курт болуп, сууда жашап чиркейге айланат. Чиркей адам, малдын канын соруп, зыян кылат. Чиркейди бака, чабалекей жейт.



**Аары** эрте гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн ширесин соруп, уяга чогултат. Ал бал болуп калат. Уюкта эне аары жана бала аарылар бар. Эне аары жумуртка тууп жата берет. Жумушчу аарылар бал жыйнашат. Бала аары кичинесинде куртка окшош болот, ал бал жеп чоңоёт.



## КАНАТТУУЛАР ЖАЗЫНДА

*Сен турган жерде кайсы куштар учуп келе башташты? Эмне үчүн учуп келе башташты деп ойлойсуң?* ***Оюңду айт.***

*Сүрөттөн келгин куштарды атап, алар тууралуу* ***байкаганыңды айт.***



Торгой



Чыйырчык



Чабалекей



Карга

Кар кеткенге чейин эле ***чар каргалар***, алардан кийин ***кара чыйырчыктар***, анан ***торгойлор*** учуп келишет. Алар курттарды жешип жана өткөн жылда калган өсүмдүктөрдүн мөмө-жемиштери менен тамактанышат. ***Кара чыйырчыктар*** үйлөрдүн жанына келишип, жем издешип, чөптүү жерлерде жүрүшөт. Алар экиден болуп жүрүшөт. Алардын уяларын ээлеп алышкан таранчыларды кубалап чыгышат. Кара чыйырчыктын бирөө уяны көзөмөлдөйт, экинчиси уя салуу үчүн материал издеп учуп жүрөт.

***Торгойду*** көрүү кыйын, бирок талаа үстүндө анын безеленип сайраган үнүн угууга жана асманда калкып учкан кичинекей караанын көрүүгө болот.



## ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫ



*Сен башыңа жазданып жаткан жаздык эмнеден жасалат? Билгениңди* ***айт.*** *Сүрөттөгүлөрдү айырмала, аттарын* ***ата.*** *Жазында аларда кандай өзгөрүү болот?* ***Айтып бер.***





Жазда тооктор жумурткаларын чөптөн төшөлгөн уяга басып жатат. Андайда тоокту ордунан козгобоо керек. Эгерде аны козгоп же жумурткаларга кол тийгизип койсо, балапан жумуртканын ичинде өрчүбөй калат. Далай күн жумурткаларын бооруна басып, жылуулугун өткөрөт. Жумуртканын ичиндеги балапан жетилгенде жумуртканын жукарып калган кабыгын жарып, көзгө сүйкүмдүү жөжө болуп чыга келет. Кээ бир жумурткадан балапан чыкпай калса, аны «сасыткы» дешет.



Күрп тооктун алдына өрдөк же каздын жумурткасын коюп бастырса, өзүнүн балапаны деп жүрө берет. Алар улам торолгон сайын суугa ынак болушуп, сууда сүзүшөт. Бул учурда тоок аларды суугa чөгүп кетет деп чебеленип, «чукулдай» баштайт.



Тооктун эркегин – **короз**, ургаачысын – **мекиян** дешет.

Үндүк да тооктой эле көбөйөт. Жумурткалары чонураак болот. Короз үндүк канаттарын жайып, каалгып басып жүрөт.



5-874

Өрдөк, каздарга жем берилет.



Көлмөлөрдөн бака, балыктарды да кармап жешет. Ошон үчүн адамдар аларга ылайыктап көлмө жасашат.



Үй канаттууларынан жумуртка, эт жана үлпүлдөгөн куш жүнү алынат. Аларга жем катары, болгондо да буудай берилет. Тооктордун буудайды чокуп жегенин көрдүң беле? Көрсөң, ал жөнүндө эл ичинде мындай ырды ырдашат:

Кууру-кууру, куурмач!
Тоокторго буудай чач!
Кууру-кууру, куурмач,
Мээнетсиз аш буюрбас!

*17–18-сабак*

## ЖАПАЙЫ КАНАТТУУЛАР



**Канаттуулар уяларын эмнеден салышат?**

**Жапайы өрдөк, каз, ак куулар** уяларын жай аккан суулардын, көлдөрдүн жээктерине, камыш чөптүү саздарга жасашат. Кургак чөптөрдөн бадал, куурай, чөптөрдүн түбүнө салышат. Балапандары жылуу болуш үчүн жумшак материал, чөптөрдү ташып келип, өзүнүн жүндөрүн жулуп, уяларын жумшактайт.



**Чабалекей** – уясын нымдуу топурактан, же ылайдан тоголоктоп, шилекейи менен жабыштырып чаптап, үйдүн чатырынын алдына, жаан-чачын жана жырткычтардан калканыч жерлерге салышат. Адамдар жашаган жерлерге уяларын салышса, эч ким ага тийбесин билишет. Муну байкаган адамдар чабалекейлер «ыйык канаттуу» деп эсептешет.



**Карга, чар каргалар** – бийик бактарга, жаржардын боорлоруна өздөрүнүн күчтүү тумшугу менен сындырган кургак бутактардан уя салышып, топтошуп жайланышат.



**Сагызган** кургак катуу бутактарды чырмап, анын ичин ылай менен шыбап, алдына жүн, канаттарды төшөп алат.



**Куркулдай** – жүн, кылдарды таап алып, тумшугу менен токуйт. Анысы, мээлейге окшошкон уя болот. Шар аккан суунун жээгиндеги бакка илип койгондуктан, анын уясы коркунучсуз болот.

**Күкүк** – өзгөчө канаттуу.

Жаз мезгилинин орто ченинде учуп келет да, жай айы толук жүрүп, анан башка жакка учуп кетет. Өзүнүн кайсы жерде экенин билгизиш үчүн токойлуу жерлерде «күкүк», «күкүк» деп үн салат. Күкүктүн үнү менен айлана кооз, шаңга бөлөнүп турат. Күкүк жумурткасын башка бир канаттуунун уясына тууйт. Башка канаттуу күкүктүн жумурткасы экенин билбей калат. Өзүнүн балапандары менен чогуу багат. Кийин күкүктүн балапаны өзүнчө учуп кетет. Ал дагы кийин чоңоюп, жумурткасын башка канаттуунун уясына калтырып кетет. Ошон үчүн элде: «Сен эмне, күкүксүңбү?» – деген сөз бар.





**Бүркүт** – бийик асканын бооруна, киши жетпес жерге уясын салат. Уясынын туурасы бир жарым метр. Себеби, уясы балапандары канат күүлөп талпынганга кенен болуш керек. Балапандарын эт менен багат. Алып келген жаныбарлардын этин өзү майдалап, балапандарынын ооздоруна салып турат. Анткени, балапандарынын тумшуктары алсыз болот. Бүркүт 1 же 2 жумуртка тууйт.

*1–2-сабак*

## ЖАНЫБАРЛАР ЖАЗЫНДА



Жазында көпчүлүк айбандардын балдары пайда болот.

**Тыйын чычкандын** 3төн 9га чейин кенедей, кызыл эт балдары туулат. Бир айдан кийин алардын көздөрү ачылат. Дагы бир айдан кийин алар уяларынан чыгышып, өз алдынча жашашат.

**Коён бөжөктөрүн** сүтүн эмизип тамактандырат. Кичинекей бөжөктөрдү чочун коён тапса, ал да аларды өзүнүкүндөй эле эмизет. Арадан көп өтпөй, бөжөктөр чөптөрдү, жалбырактарды өздөрү жей башташат.



**Аюу, суур, кашкулактар** жазында чээнден чыгышат. Аюу кышында туулган 2–3 мамалагын ээрчите чыгат.

**Түлкү** 4–6, кээ бирде 12 бачики туулат. Аларды энеси 1 же 2 ай бою сүт эмизип тамактандырат, андан кийин майда жаныбарларды тиштеп алып келип берип турат. Бачикилерин кичинесинен тамак табууга үйрөтөт.



**Карышкыр** 3–4 бөлтүрүк тууп, сүт эмизет. Алгачкы учурларда эркек дөбөт эт таап, бөлтүрүктөрү менен энесин багат. Кийинчерээк бөлтүрүктөр тороло түшкөндө, алардын ата-энеси экөө тең тамак издөөгө чыгат.





**Бакалар** эрте жазда ойгонуп, уруктарын көлчүк сууларга ташташтайт. Көбүнчө жасалма көлмөлөрдөн көрүүгө болот. Андан башы тегерек, соймондогон куйругу бар, түсү кара көнөкбаштар өсүп чыгат. Чымын, чиркейлерди, курт-кумурскаларды жана жашылчаларга зыян келтирген үлүлдөрдү жейт.

**Таш баканын** жашоосу, токой талаада өтөт. Ал чөп жейт. Ага коркунуч болгондо бутун, башын чопкутунун алдына катып, кыймылсыз ташка окшоп туруп калат. Анын басышы – өтө жай, кыбыр.



**Кирпи** талаада, адырларда чөптүн тамырын, данын, сабагын жейт. Анан күндүзү уктап, кеч киргенде чыгып, таң атканга чейин ар кандай курт-кумурскаларды издейт. Ал сүт да ичет. Коркcондо тоголоктоно түшөт да, жонундагы ийнечелери тик болуп туруп калат. Ал аны жырткычтардын кол салуусунан коргойт. Кирпи жүргөн жерге жылан, чычкан жолобойт. Жазында кирпи 5–6ны тууйт.



**Кескелдирик** тоодо, талаада, сайда жашайт. Ал курт-кумурскаларды терип жейт. Алаксытуу үчүн куйругун тиштеп кесе коюп, өзү көзгө көрүнбөй качып кетет. Жырткыч кесилген куйрукту жеп, алаксып кала берет. Кескелдирик тирүү калат. Анан башка куйрук өсүп чыгат.






**Жылан** талаада, тоодо жана сууда жашайт. Жылан жумуртка таштап, андан кичинекей жыландар чыгат. Жыландын шылдырак үн чыгарганы – сени байкаганы. Жыландын уясына кол салганда, же байкоосуздан басып алганда чочуп кетип чагат. Эгин талаасындагы зыян келтирген, дан жеген чычкандарды жейт. Медицинада анын тишиндеги уусун идишке куюп алышып, күчтүү дарыларды жасашат. Медицинанын эмблемасында жыландын сүрөтү тартылган.

# ЭЛДИН ТУРМУШУ

*3–4-сабак*

## ҮЙ-БҮЛӨ – МЕКЕН БАШАТЫ

*Үй-бүлө кимдерден түзүлөт? Сен өз үй-бүлөңдүн мүчөлөрүн чийме аркылуу* ***салыштыр.*** *Сенин ордуң каерде? Сенин үй-бүлөдөгү милдеттериң эмне?* ***Айтып бер.***






Уул-кызы дайым сыйлап турса эгер,
Ата-эненин жүзү жайнап нур себер.

*Жусуп Баласагын.*

### АПАКЕМ ЖАНА КҮН

Апакем эркелетет,
Мээрин төгүп мага,
Күн менин апакемдей,
Дүйнөдө жалгыз гана!

*Григор Виеру.*

*Ырды* ***оку.*** *Бөбөгүң сылык болуш үчүн, адегенде ким сылык болуш керек экен?* ***Түшүндүрүп бер.***



Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?

*Токтогул.*

### ЫНТЫМАК

Бөбөгүмө үйрөтөм,
Ынтымак деп сүйлөтөм.
«Сиз» деп калат энемди,
Өзүм «сиз» деп сүйлөсөм.

Келчи, балдар, биз дагы
Сыйлашып сый жүрөлү.
Ырыс алды ынтымак,
Ынтымакты сүйөлү!

*М. Тойбаев.*



Менин «Үй-бүлөм» деген темада аңгеме **түзүп, айтып бер.**



*5–6-сабак*

## КЫРГЫЗ АКЧАЛАРЫ ЖАНА МАРКАЛАРЫ

Ар бир өлкөнүн акчасы жана маркасы сыяктуу белгилери бар. Ал белгилерди «символ» деп айтышат.

*Сенин өлкөңдүн акчасы кандай аталат? Акча эмне үчүн керек? Акчада кандай кишилердин сүрөтү тартылган деп ойлойсуң? Канча сомдуктарды билесиң? Аттарын* ***ата****. Сен акчаны кантип колдоносуң?* ***Айтып бер.***




**Макалды чечмелеп түшүндүр:**

> Алакандай болсо да,
> Ата конуш жер кымбат.

*Маркалардын арасынан Кыргызстандын маркаларын* ***тап****. Кантип билдиң? Эмне үчүн ал сүрөттөр тартылган деп ойлойсуң?* ***Оюңду айт.***






Ал маркаларда элдин белгилүү азаматтары жана жаратылыш байлыктары тартылат.

Кыргызстандын башка өлкөлөрдүкү сыяктуу акчасы бар. Ал «сом» деп аталат. Акча кунун «валюта» деп да коюшат. Кагаз акча банкнота деп аталат. Металлдан тыйындар жасалат. Банкноталарда жана тыйындарда өлкөбүздүн белгилүү адамдарынын сүрөттөрү тартылган.

Мурункулар алтын, күмүш, жезден куюлган сөлкөбайларды, андан кийин тегерек тыйындарды акча ордуна колдонушкан. Кийинчерээк биринчилерден болуп Кытайда азыркыдай кагаз акча пайда болгон.

## БАЙЛЫК

*7-сабак*

### ЭКОНОМИКА ДЕГЕН ЭМНЕ?

*«Байлык» деген сөздү кандайча түшүнөсүң? Сен туулуп өскөн жериңдин байлыгы жакшыбы же жаманбы? Кантип жакшыртса болот деп ойлойсуң?* ***Оюңду айт.***

Радио, телеберүүдөн «экономика» деген сөздү көп эле угасың. Өлкөнүн экономикасы жакшы делсе, анда жашаган элдин турмушу **жакшы** деп түшүн. Анткени, экономика бул *айыл чарбанын, өнөр жайынын, курулуштун, транспорттун, соода* чарбаларынын **байлыгы** дегенди түшүндүрөт.

Ар бир чарбадан чоң ата, чоң энелерге берилүүчү пенсия, айлык үчүн салык – акча чогултулат.



Сомдо тартылган атуулдар жөнүндө улуулардан **сура**.

Укканыңды классташтарыңа **айтып бер.**



6-874

*Сүрөттөгү чарбалар жөнүндө аңгеме **түз.***













Күйүүчү майлар (бензин) менен иштөө кайсы чарбага кирет? Ал чарба жөнүндө **айтып бер.**







## СООДА-САТЫК

*Сен **соода, базар, дүкөн, соода борбору** дегендерди кандай түшүнөсүң? Сен турган жерде эмне деп аталган базар, дүкөндөр бар? Аларда эмнелер сатылат? **Сатуучу** деген ким? А сен бир нерсе сатып алсаң, кандай аталасың? Алар тууралуу **айт.***

*Сүрөт боюнча көргөзмөдөгү – витринадагы товарлар жөнүндө **айтып бер.***




Керектүү нерселер дүкөндө, базарда өз өлкөбүздөн өндүрүлгөн жана башка жактардан алып келинген буюмдар, тамак-аштар сатылат.



Сен жашаган жердин дүкөн, базарында кандай жашылча-жемиштер сатылат? Аларды өстүрүш үчүн кандай эмгек жумшалат? Алар тууралуу чоңдордон **сурап, айтып бер.**



## БИЗ ЖАШАГАН АЙЫЛ ЖЕ ШААР

*Айыл менен шаардын айырмасы эмнеде? Сүрөттөн* ***салыштыр.*** *Айылыңда же шаарыңда эмнелер бар?*

*Сенин классташтарың айылда же шаарда өздөрүн кандай алып жүрүшөт? Алар жөнүндө* ***айтып бер.***





Айылда мал багылат, жер иштетилет. Жашылча жана жемиш өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Малдан сүт, май, эт жана жүн, тери алынат. Ал тамак-азыктар шаардын дүкөн, базарларына жөнөтүлөт.

Шаарда эл көп. Бийик үйлөр, фабрика, завод, музей, театрлар бар. Кооз көчөлөр, аллеялар, эс алуу парктары, спорт аянтчалары тургузулган. Түрдүү машиналар, автобус, троллейбустар жүрөт.

*Сенин айылыңда же шаарыңда эмне жасалат, эмнелер бар? Байкап билгениңди* ***айтып бер.***



Өз жериндин белгилүү адамдары кимдер? Аларды эмне үчүн сыйлашат, чондордон **сурап бил**. Сен кимисине окшошкуң келет? Себебин **айтып бер.**





## АЙЫЛ ЧАРБА – АЗЫКТАР ДҮЙНӨСҮ



*Тамак азыктары эмнеден алынат? Сен кайсы тамакты жакшы көрөсүң? Сүрөттөгү азыктардын топтору эмне үчүн мындай аталган?* ***Окуп, айтып бер.***

**Малдын эти, сүтү, майынан алынган тамак-азыктар**




**Дан азыктар**



**Суусундуктар**




**Мөмө-жемиштер жана жашылчалар**



## Таттуулар







*Каймак, сары май, айран сүзмөлөр кантип жасаларын билесиңби? А нанчы? Билгениңди* ***айтып бер.***

*Ырды суроо жана илеп белгисине* ***көңүл буруп оку.***

1. – Жедим жүзүм, жедим коон,
Жедим таттуу алмадан.
Баарын тандым, не калды,
Мен өмүрү танбаган?
– Бир гана – нан!
– Дүйүм-дүйүм тамак бар, адам колу тандаган.
Ошолордон эмне бар, мен көңүлүм калбаган?
– Ал – нан!

*Ж. Садыков.*

**Ырды жатта:**

2. Атың – нан.
Айланайын атыңдан.
Көп ичсем – сүттү танам,
Көп жесем – этти танам.
Бир гана дүйнөдө эч танбаган
Керексиң мага, НАН!

*А. Чекиров.*

### Айран уют

Сүттү мискейге куюп бышыр. Кайнаган сүттү бир аз коё тур. Муздатпай туруп жылуу учурунда ага 2 аш кашык менен уютку – айранды кош. Мискейдин сыртынан жылуулап жаап кой. 3 сааттан кийин айран даяр болот.



## ТРАНСПОРТ – УНАА

*11-сабак*

*Сен жашаган жерден кандай транспортторду учуратасың? Транспорт эмне үчүн керек? Алардын тетиктери эмнеден кантип жасалат деп ойлойсуң? Сүрөттөгү транспорттун түрлөрүн* ***атап сана.***

**Абада жүрүүчү**




**Жерде жүрүүчү**




**Сууда жүрүүчү**



**Жер алдында жүрүүчү**



**Курулуш транспорттору**





**Жүк ташуучу**





*Велосипеддин бөлүктөрүн **ата**. Аны менен кандай жолдордо жүрүү керек? Велосипед менен жүрүү эрежелерин **айтып бер.***

**Чукул кырдаалда жардамга келүүчүлөрдү бил.**

**«101»** – күч алып өрткө айланса,
тез кабарла ушуга.
**«102»** – батмак болсо күнөөгө,
же жол кырсыгы болобу,
керек деп бил оболу.
**«103»** – дартка дабаа болууга,
дайым даяр булар да.
**«104»** – газдан чыкса коркунуч, чалып кайрыл буга
да, газ абада көрүнбөйт, ширеңкеден абайла!
**«161»** – ар кандай кырсыктан куткаруучу кызматта.



# БУЮМДАР ЖАРАТЫЛЫШТАН АЛЫНАТ

## ЖАРАТЫЛЫШ МАТЕРИАЛДАРЫ

*12-сабак*

**Макалды чечмелеп түшүндүр:**

Алтынды жерден,
Акылды элден изде.

*Сүрөттөрдөгү буюмдар эмнеден жасалганына көңүл бур. Кандай топторго бөлүнгөн? **Оюңду айт.***









***Темир, жыгач, чопо*** жана ***ар кандай асыл таштар*** **сыяктуу** жаратылыш материалдарынан буюмдар заводдордо жасалат.

13-сабак

## КИТЕП ЭМНЕДЕН КАНТИП ЖАСАЛАТ?

Сенин китебиң пайда болуш үчүн, көп эмгек менен кагаз иштелип чыгышы керек.

*Аны сүрөттөн байкап аңгеме **түз**.*






Төшөктө уктап жаткан Узакбай жаңы эле ойгонуп, көзүн ачканда, атасы календардын барагын айрып алган болчу. Узакбай токтолбостон:

– Мени кагаздарды айрыба дейсиң. А өзүң эмне алдагы кагазды күнүгө эле айрый бересиң?


*К. Тынаев*



## ПАХТАДАН ЭМНЕ АЛЫНАТ?

14-сабак

*Эмне үчүн пахта өстүрүшөт? Аны элдер кантип колдонушат? Сенин кайсы кийимиң пахтадан тигилген? Сүрөттөр боюнча аңгеме **түз**.*





Биздин Араван, Базар-Коргон, Кара-Суу, Ноокен, Сузак деген жерлерибизде пахта өстүрүлөт.

Пахта өсүмдүгүнөн: **кебез, жип, кездеме, май** жана **отун** алынат.

## ЖҮН ЭМНЕДЕН АЛЫНАТ?

*Кайсы жаныбарлардан жүн алынат? Эмне үчүн койлорду кыркышат? Сен жашаган жерде жүндү кантип иштетишет? Андан үйгө керектүү кайсы буюмдар жасалат? Сүрөттөр боюнча аңгеме* ***түз.***





Шырдактын жасалышын чоңдордон **сурап билип, айтып бер.**







## ТЕРИ ЭМНЕДЕН АЛЫНАТ?



Кандай бут кийим бышык болот деп ойлойсуң? Сен кийген бут кийим эмнеден жасалган? Тери эмнеден алынат?

Сен жашаган жерде териден эмне жасашат? Аны кантип иштетишет? Аңгеме **түз.**

## ҮЙЛӨР ЭМНЕЛЕРДЕН КУРУЛАТ?


*17-сабак*

**Табышмакты тап:**

Төрт чарчы салынат,
Төбөсү жабылат.

Ү

*Сен жашаган жердеги үйлөр эмне менен курулат?*
*Сүрөттөгүлөрдүн аттарын* ***ата****. Бир сөз менен бул материалдарды кандай аташат? Аттарын* ***атап бер****.*



Топурак, цемент, таш, тактай сыяктуу курулушка керектүү нерселерди **курулуш материалдары** дешет.

Дүйнө жүзүндөгү элдер ар түрдүү үйлөрдө жашашат. Ал үйлөр ар кандай курулуш материалдарынан жасалат.

Боз үйдүн эмеректери кандай жаратылыш материалдарынан жасалат? Сенин үйүң эмнеден, кантип курулган? Оймолор эмнелерге окшоштурулуп чийилет? Сүрөттү **пайдаланып, айтып бер.**



## ЖАЙ – ГҮЛДӨӨНҮН МЕЗГИЛИ

*(Экскурсия)*

*18-сабак*

*Сүрөт боюнча жай мезгилинин белгилерин* ***байкап****, аңгеме* ***түз****.*



*Ырдагы уйкаш сөздөрдү* ***ойлоп тап****.*

Нанга сыйпап жедим,
Эмнени? ....
Чыны менен ичтим,
Эмнени? ...

Минип алдым, токуп,
Эмнени? ...
Төрт мезгилден жактырам,
Эмнени? ...

*Т. Кожомбердиев.*

Жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү **байка.** Өсүмдүктөрдүн уруктарын **чогулт.**

# МАЗМУНУ


*I чейрек*

**Кыргызстан – биздин мекенибиз** ........ 3
Сенин дарегиң ........ 5
Ата мекен, ата журт ........ 6
Кыргызстан өз алдынча өлкө ........ 8
**Бизди курчап турган дүйнө – жаратылыш** ........ 9
Жаратылыш жана буюмдар ........ 9
Жандуу жана жансыз жаратылыш ...11
Жаратылышка болгон биздин мамилебиз ........ 12
Жаратылыштагы өзгөрүүлөр жана кубулуштар ........ 13
Жыл мезгилдери ........ 15
Аба жана суу ........ 17
Аба ырайы ........ 19
Температура жана термометр ........ 21
**Береке мезгили – күз** ........ 23
Күздөгү жансыз жаратылыш ........ 23
Күздөгү жандуу жаратылыш ........ 26
Канаттуулар күз мезгилинде ........ 28

*II чейрек*

**Өсүмдүктөр** ........ 30
Өсүмдүктүн бөлүктөрү ........ 30
Өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгү ........ 31
Ийне жалбырактуу жана жазы жалбырактуу дарактар ........ 32
Жапайы жана маданий өсүмдүктөр .. 34
Бөлмө өсүмдүктөрү ........ 36
**Жаныбарлар** ........ 38
Жапайы жана үй жаныбарлары ........ 38
Жапайы жаныбарлар ........ 41
Үй жаныбарлары ........ 42
Ат – адамдын канаты ........ 45
Ит жана мышык ........ 47
**Бейпил кыш мезгили** ........ 48
Жансыз жаратылыш кышында ........ 48
Жандуу жаратылыш кышында ........ 49

*III чейрек*

**Ден соолук жана коопсуздук** ........ 52
Ден соолук ........ 52
Жолдо сак жана этият бол! ........ 54
Кырсыктан жана өрттөн сактан! ...... 56
Сууда ........ 57
**Адам көркү – адеп** ........ 58
Адептүү бол ........ 58
Туулган күн ........ 59
Жер жана күн ........ 60
**Жаз – жаратылыштын жаңылануу мезгили** ........ 61
Жансыз жаратылыш жазында ........ 61
Жандуу жаратылыш жазында ........ 62
Канаттуулар жазында ........ 64
Үй канаттуулары ........ 65
Жапайы канаттуулар ........ 66

*IV чейрек*

Жаныбарлар жазында ........ 68
**Элдин турмушу** ........ 70
Үй-бүлө – мекен башаты ........ 70
Кыргыз акчалары жана маркалары...72
**Байлык** ........ 73
Экономика деген эмне? ........ 73
Соода-сатык ........ 75
Биз жашаган айыл же шаар ........ 76
Айыл чарба – азыктар дүйнөсү ........ 77
Транспорт – унаа ........ 79
**Буюмдар жаратылыштан алынат** ...... 81
Жаратылыш материалдары ........ 81
Китеп эмнеден жасалат? ........ 82
Пахтадан эмне алынат? ........ 83
Жүн эмнеден алынат? ........ 84
Тери эмнеден алынат? ........ 85
Үйлөр эмнелерден курулат? ........ 86
**Жай – гүлдөөнүн мезгили** ........ 87



**Адилова Гүлпери Идирисовна**
**МЕКЕН ТААНУУ**

2-класс үчүн окуу китеби

Редакторлору *Чекиров А., Тологонова С. Ш.*
Сүрөтчүлөрү *Кылычбекова З. М., Коёналиев К. К., Кульчицкий В. И., Исаков Э.*
Корректору *Мундузбаева Ж.* Техн. редактору *Крутякова В. В.* Компьютердик калыпка салган *Керимбаева Ж. К.*

Терүүгө 15.02.2010-жылы берилди. Басууга 15.10.2010-жылы кол коюлду.
Көлөмү 5,5 б. т. Форматы 70х100 $^{1}/_{16}$. Нускасы 63000. Заказ 874.

«Инсанат» басма-полиграфия борбору.
Н. Исанов көчөсү, 87.

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көч., 24.





